**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**29.03.2024-ж. № 156/34-8** **Кара-Көл шаары**

**«Кара-Көл шаардык кеңешинин 2024-жылга карата иш планы жөнүндө»**

Депутаттардын Кара-Көл шаардык кеңешинин 2024-жылга карата иш планынын долбоорун талкуулап чыгып, шаардык кеңештин туруктуу комиссияларынын сунуштарын эске алып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 8-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз XXXIV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Депутаттардын Кара-Көл шаардык кеңешинин 2024-жылга карата иш планы тиркемеге ылайык бекитилсин. ( тиркелет)
2. Кара-Көл шаардык кеңешинин иш планын аткарууну камсыз кылуу шаардык кеңештин аппаратына жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

Кара-Көл шаардык кеңешинин
29.03.2024-жылдагы XXXIV
сессиясынын № 156/ 34-8 токтомуна
тиркеме

Кара-Көл шаардык кеңешинин 2024-жылга иш планы

| № п/п | Каралуучу маселелер | Мөөнөтү | Аткаруучулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Кара-Көл шаардык кеңешинин 2024-жылга иш планы жөнүндө | I квартал | Шаардык кеңештин туруктуу комиссиялары, шаардык кеңештин аппараты |
| 2 | Кара-Көл шаардык бюджеттин 2023-жылдагы такталган планын жана аткарылышын бекитүү жөнүндө | I квартал | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл башкармалыгы, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин аппараты |
| 3 | Шаардык бюджеттин 2023-жылдын жыйынтыгы менен бош калган жана үнөм каражаттарды каржылоо жөнүндө | I квартал | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл башкармалыгы, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин аппараты |
| 4 | Жазы-Кечүү аймактык башкармалыгынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2023-жылда аткарган иштери жөнүндө отчёту | I квартал | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл башкармалыгы, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин аппараты |
| 5 | Жазы-Кечүү аймактык башкармалыгынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2024-жылга иш планы жана бюджети жөнүндө | I квартал | Жазы–Кечүү аймактык башкармалыгынын жайыт комитети, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясы , шаардык кеңештин аппараты |
| 6 | Кара-Көл шаарынын 2024-жылга шаардык бюджетинин түзүлүшү жана 2025-2026-жылдарга божомолу жөнүндө | I квартал | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл башкармалыгы, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин аппараты |
| 7 | Кара-Көл шаарын социалдык - экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программасынын, стратегиялык пландын 2023-жылда аткарылышы жана 2023-жылдын | I I квартал | Кара-Көл шаарынын мэриясы, шаардык кеңештин туруктуу комиссиялары, шаардык кеңештин аппараты |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жыйынтыгы менен шаардык кеңештин токтомдорунун аткарылышы жөнүндө шаардын мэринин отчёту | | |
| 8 | Кара-Көл шаардык ММБнын 2023-жылда аткарган иштери, муниципалдык менчиктин сакталышы, пайдаланышы, тендердин өткөрүлүшү жана аткарылган иштердин сапаты жөнүндө муниципалдык менчик башкармалыгынын башчысынын отчёту | I I квартал | Муниципалдык менчик башкармалыгы, шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери , инвестиция боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин аппараты |
| 9 | Жер ресурстары кызматынын Кара-Көл филиалынын 2022-2023-жылдарда аткарган иштери боюнча маалыматы | I I квартал | Жер ресурстары кызматынын Кара-Көл филиалы, шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин аппараты |
| 10 | Кара-Көл шаарынын шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынын 2022-2023-жылдарда аткарган иштери боюнча маалыматы | I I квартал | Кара-Көл шаарынын шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгы, шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин аппараты |
| 11 | Кара-Көл шаардык аксакалдар сотунун 2023-жылда аткарган иштери жөнүндө отчёту | I I квартал | Кара-Көл шаардык аксакалдар соту, шаардык кеңештин мандат, регламент, этика жана укуктук маселелер боюнча туруктуу комиссиясы , шаардык кеңештин аппараты |
| 12 | Кара-Көл шаардык аялдар кеңешинин 2023-жылда аткарган иштери жөнүндө маалыматы | I I квартал | Кара-Көл шаардык аялдар кеңеши, шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясы , шаардык кеңештин аппараты |
| 13 | Кара-Көл шаардык жаштар кеңешинин 2023-жылда аткарган иштери жөнүндө маалыматы | I I квартал | Кара-Көл шаардык жаштар кеңеши, шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясы , шаардык кеңештин аппараты |
| 14 | Кара-Көл шаардык аксакалдар кеңешинин 2023-жылда аткарган иштери жөнүндө маалыматы | I I квартал | Кара-Көл шаардык аксакалдар кеңеши, шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясы , шаардык кеңештин аппараты |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 15 | Кара-Көл шаардык дене тарбия жана спорт бөлүмүнүн 2023-жылда аткарган иштери жөнүндө отчёту | II квартал | Спорт комитетинин башчысы, шаардык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин аппараты |
| 16 | Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Жалал-Абад облусу боюнча башкармалыгынын Кара-Көл шаары боюнча Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн 2023-жылда аткарган иштери жөнүндө маалыматы | II квартал | Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Жалал-Абад облусу боюнча башкармалыгынын Кара-Көл шаары боюнча Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн башчысы, шаардык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин аппараты |
| 17 | Жалпы дарыгерлер практикалоо борборунун 2023-жылда аткарган иштери боюнча жана Жалал-Абад областынын Таш -Көмүр район аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун Кара-Көл шаардык бөлүмүнүн 2023-жылда аткарган иштери боюнча маалыматы | II квартал | Жалпы дарыгерлер практикалоо борборунун башкы врачы, Жалал-Абад областынын Таш -Көмүр район аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун Кара-Көл шаардык бөлүмүнүн бөлүм башчысы, шаардык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин аппараты |
| 18 | Коомдук тартипти сактоо, тартип бузуучулукту, кылмыштуулукту болтурбоо боюнча балдар жана жаштар арасында 2023-жыл ичинде аткарган иш-чаралар жөнүндө ШИИБнүн маалыматы | II квартал | ШИИБ, шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин аппараты |
| 19 | Шаардык билим берүү бөлүмүнүн 2023-2024- окуу жылдарында аткарган иштери жөнүндө маалыматы | III квартал | Шаардык билим берүү бөлүмү, шаардык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин аппараты |
| 20 | Шаардык маданият бөлүмүнүн 2023-жылда аткарган иштери жөнүндө отчёту | III квартал | Шаардык маданият бөлүмүнүн башчысы, шаардык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин аппараты |
| 21 | Социалдык эмгек жана өнүгүү башкармалыгынын 2023-жылда аткарган иштери боюнча 1 жылдык маалыматы | III квартал | Социалдык өнүгүү башкармалыгы, шаардык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин аппараты |
| 22 | Кара-Көл шаарынын 2024-2025-жылга күзгү-кышкы мезгилге даярдыгы жөнүндө Кара-Көл шаарынын мэринин биринчи орун басарынын маалыматы жөнүндө | IV квартал | Кара-Көл шаарынын мэринин биринчи орун басары, Кара-Көл РЭТИ, шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин аппараты |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 23 | Кара-Көл шаарын социалдык - экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын 2024-жылдын 9 айында аткарылышы жөнүндө отчёту | IV квартал | Шаардык мэрия, шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясы, шаардык кеңештин аппараты |

*Эскертме: 1. Өзүнүн актуалдуулугун жоготкон маселелер сессиянын күн тартибинен алынып салынат жана шаардык кеңештин туруктуу комиссияларынын чечими менен сунушталган маселелер сессиянын күн тартибине киргизилет.*

*2. Шаардык кеңештин депутаттары, шаардык кеңештин аппараты шаарда болуп жаткан ар кандай иш -чараларга, ишембиликтерге активдүү катышат.*

**Шаардык кеңештин жооптуу катчысы К.И.Нурматова**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**29.03.2024-ж №157/34-8** **Кара-Көл шаары**

**“Жазы-Кечүү аймактык башкармалыгынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2023-жылда аткарган иштери жөнүндө отчёту”**

«Жайыттар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин 3-пунктуна ылайык Жазы-Кечүү аймактык башкармалыгынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыт комитетинин төрагасы Т.С.Абдыраимовдун жайыт комитетинин 2023-жылда аткарган иштери жөнүндө отчётун, Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы И.Р.Касымовдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 8-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз XXXIV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жазы-Кечүү аймактык башкармалыгынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыт комитетинин төрагасы Т.С.Абдыраимовдун жайыт комитетинин 2023-жылда аткарган иштери жөнүндө отчёту, Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы И.Р.Касымовдун билдирүүсү эске алынсын.
2. Жазы-Кечүү аймактык башкармалыгынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы Т.С.Абдыраимовдун жайыт комитетинин 2023-жылда аткарган иштери канааттандырарлык деп табылсын.
3. Жазы-Кечүү аймактык башкармалыгынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыт комитетине (Т.С.Абдыраимов) Жайыт мыйзамынын талаптарын так аткаруу милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Жазы-Кечүү аймактык башкармалыгынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыт комитетине (Т.С.Абдыраимов) жана Жазы-Кечүү аймактык башкармалыгына (К.А.Таштанкулова), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (И.Р.Касымов) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА |
|---|---|

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**29.03.2024-ж. №158/34-8** **Кара-Көл шаары**

**«Жазы-Кечүү аймактык башкармалыгынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2024-жылга иш планы жана бюджети жөнүндө»**

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин негизинде, ошондой эле «Жайыттар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин 3-пунктуна, 10-беренесине ылайык жайыт жерлерин сарамжалдуу жана натыйжалуу башкарууну жана пайдаланууну камсыз кылуу максатында депутаттардын Кара-Көл шаардык кеңешинин 8-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз XXXIV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жазы-Кечүү аймактык башкармалыгынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыттарды пайдалануунун 2024-жылга бюджети, иш планы, кирешелер жана чыгашалар сметасы тиркемелерге ылайык бекитилсин.
2. Жайыт комитетинин 2024-жылга жайыт пайдалануу үчүн акы төлөөнүн өлчөмдөрү төмөндөгүдөй бекитилсин:
   **- бодо мал - 100сом;**
   **- жаш бодо мал - 70сом;**
   **- кой, эчки - 20 сом;**
   **- жылкы 100 сом;**
3. Жазы-Кечүү аймактык башкармалыгынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыт комитетине (Т.С.Абдыраимов) пайдаланылган жайыт участоктору үчүн жер салыгын жыйноо жана келип түшкөн каражаттарды жергиликтүү бюджетке 2024-жылдын декабрь айына чейин чегерүү милдеттендирилсин.
4. Бул токтом жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.
5. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Жазы-Кечүү аймактык башкармалыгынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыт комитетине (Т.С.Абдыраимов) жана Жазы-Кечүү аймактык башкармалыгынын башчысына (К.А.Таштанкулова), көзөмөлдөө шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Б.Н.Кыргызалиев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

Тиркеме 1

БЕКИТИЛДИ:
Кара-Көл шаардык кеңешинин
29. 03.2024-ж. XXXIV сессиясынын
№158/34-8 сандуу токтому менен

**Жалал-Абад областынын Кара-Көл шаарына караштуу Жазы-Кечүү жайыт пайдалануучуларынын жайыт комитетинин 2024-жылга болжолдуу**
**БЮДЖЕТИ**

| № | Чыгымдардын статьялары | Төлөнүүчү айдын саны | Баасы (сом) | Суммасы (сом) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Төраганын эмгек акысы | 9 | 8000-00 | 72 000-00 |
| 2 | Бухгалтердин эмгек акысы | 9 | 5000-00 | 45 000-00 |
| 3 | Сборщик 3*4000сом 1адамга | 3 | 12000-00 | 36 000-00 |
| 4 | Ишканадан камсыздандыруу үчүн төлөмдөр 17,25% | 9 | | **22510-00** |
| 5 | Командировка чыгымдары | | | 15 000-00 |
| 6 | Башка чыгымдар: телефон, канцелярия | | | 10530-00 |
| 7 | Транспорт чыгымдары | | | 18 000-00 |
| 8 | Жергиликтүү салыктар | | | 203700-00 |
| 9 | Каптаж жана ,жайлоолрдун жолдорун ондоого | | | 167000 -00 |
| **жайыттан чогултулган жалпы каражат:** | | | | **589740-00** |

**Жооптуу катчы** **К.И.Нурматова**

Тиркеме 2

БЕКИТИЛДИ:
Кара-Көл шаардык кеңешинин
29. 03.2024-ж. XXXIV сессиясынын
№158/34-8 сандуу токтому менен

ИШ ПЛАНЫ

Жалал-Абад областынын Кара-Көл шаарына караштуу Жазы-Кечүү жайыт пайдалануучулар комитетинин 2024-жыл үчүн

| | | **суммасы (сом)** |
|---|---|---|
| 1 | Каптаж жана ,жайлоолрдун жолдорун оңдоого | 167000-00 |
| 2 | Сары-Булак участкасындагы мурзөнү королоо иштери (жерди сүрүү, тегиздөө, жолун кеңейтүү ж.б 1,2 км) | Ашар жолу менен |
| **Жалпы чыгым:** | | **167000-00** |

**Жооптуу катчы** **К.И.Нурматова**

Тиркеме 3

БЕКИТИЛДИ:
Кара-Көл шаардык кеңешинин
29. 03.2024-ж. XXXIV сессиясынын
№158/34-8 сандуу токтому менен

Жалал-Абад областынын Кара-Көл шаарындагы Жазы-Кечүү жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2024-жылдагы киреше жана чыгаша

**Сметасы**

| малдын түрү | малдын башы | жайыт пайдалануу үчүн (башына сом менен) | Жайыт пайдалануу үчүн |
|---|---|---|---|
| Ири мүйүздүү мал | 1501 | 100 | 150 100=00 |
| Кой | 1846 | 20 | 36 920=00 |
| Эчки | 2071 | 20 | 41 420=00 |
| Жылкы | 493 | 100 | 49 300=00 |
| **Жалпы малга** | | | **277 740=00** |
| ***Жердин ижара акысы*** | ***70,27 (70270,27м2)*** | *4,44* | ***312 000=00*** |
| **Кутулуучу кирешенин жыйынтыгы жалпы:** | | | **589 740=00** |

эскертүү: кыйыр салыктарды эске албай, стат маалыматтарга ылайык түзүлдү

| **Көрсөткүчтөрдүн аталышы** | **Статья** | **Баары 2024-жыл үчүн** | **Кварталдар боюнча бөлүштүрүлүшү** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **I** | **II** | **III** | **IV** |
| Айлык акы | 21111100 | 153 000=00 | 0-00 | 0-00 | 0-00 | 153 000-00 |
| Ишканадан камсыздандыруу үчүн төлөмдөр 17,25% | 21211100 | **22 510=00** | 0-00 | 0-00 | **0-00** | **22 510-00** |
| Командировка чыгымдары | 22111200 | 15 000=00 | 0-00 | 0-00 | 10 000-00 | 5 000-00 |
| Башка чыгымдар: телефон, канцелярия | 22155900 | 10 530=00 | 3 000-00 | 0-00 | 3 000-00 | 4 530-00 |
| Каптаж жана ,жайлоолрдун жолдорун ондоого | | 167 000=00 | 0-00 | 0-00 | 67 000-00 | 100 000-00 |
| Транспорт чыгымдары | | 18 000=00 | 0-00 | 5 000-00 | 5 000-00 | 8 000-00 |
| Жайыт жери үчүн салык | | 196 500=00 | 0-00 | 30 000-00 | 66 500-00 | 100 000-00 |
| Жер салыгы | | 7 200-00 | 7 200-00 | 0-00 | 0-00 | 0-00 |
| **Баардык чыгымдар** | | **589 740=00** | **10 200=00** | **35 000=00** | **151 500=00** | **393 040=00** |

**Жооптуу катчы** **К.И.Нурматова**

Тиркеме 4

БЕКИТИЛДИ:
Кара-Көл шаардык кеңешинин
29. 03.2024-ж. XXXIV сессиясынын
№158/34-8 сандуу токтому менен

**Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2024-жылга погрузчик LOVOL жана трактор Беларусь-82,1 техникаларынын пландуу бюджети**

| **Техника түрү** | **Канча саат** | **1-машина саатка пландуу-эсептик** | **Техникаларды пайдалануудан** |
|---|---|---|---|
| Погрузчик LOVOL | 60 | 3000 | 180000 |

| **Техника түрү** | **Канча га** | **1га жерге пландуу-эсептик** | **Техникаларды пайдалануудан** |
|---|---|---|---|
| Трактор Беларусь-82,1 | | | 99970 |
| Жер айдоодон | 19,58 | 3500 | 68530 |
| Чөп чабуудан | 10,48 | 3000 | 31440 |

П Л А Н

| **Көрсөткүчтөрдүн аталышы** | **Статья** | **Баары 2024-жыл үчүн** | **Кварталдар боюнча бөлүштүрүлүшү** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **I** | **II** | **III** | **IV** |
| Айлык акы машинист погрузчик | 21111100 | 36 320 | 0 | 0 | 0 | 36320 |
| Айлык акы машинист трактор | 21211100 | 40 000 | 0 | 0 | 0 | 40 000 |
| Ишканадан камсыздандыруу үчүн төлөмдөр 17,25% | 21211100 | 16615 | 0 | 0 | 0 | 16615 |
| Атайын айыл чарба шаймандарын сатып алууга | 22155900 | 49620 | 0 | 0 | 0 | 49 620 |
| Погрузчиктин тетиктерин сатып алууга | 22155900 | 137415 | 0 | 0 | 137415 | 0 |
| **Баардык чыгымдар** | | **279 970** | **0** | **0** | **137415** | **142555** |

**Жооптуу катчы** **К.И.Нурматова**

**Эскертүү:**

**Кара-Көл шаары боюнча жайыт пайдалануу акысы**

**1 баш жылкы жана уй-топозго 100-00**
**анын ичинен:**

**Кара-Көл шаары боюнча жайыт пайдалануу акысы**
**1баш кой жана эчкиге 20-00сом**

**Жердин ижара акысы 1сотых -4 сом 44тыйын**

**Анын ичинен;**
**1га жер салыгы үчүн 6-45сом**

**Кара-Көл шаарындагы жайыт инфраструктурасын**
**жакшыртууга жана жайыт комитетин каржылоого 13-55сом**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**29.03.2024-ж. №159/34-8** **Кара-Көл шаары**

**“Кара-Көл шаардык мэриясынын**
**бир жолку материалдык жардам көрсөтүү**
**тартиби жөнүндө” жобону бекитүү**

Кара-Көл шаарынын мэринин орун басары Г.О. Сатарованын “Кара-Көл шаардык мэриясынын бир жолку материалдык жардам көрсөтүү тартиби жөнүндө” жобону бекитүү жөнүндө сунушун, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча жана шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссияларынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап чыгып Кара-Көл шаардык кеңешинин 8-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз XXXIV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Көл шаардык мэриясынын бир жолку материалдык жардам көрсөтүү тартиби жөнүндө жобосу тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Т.Т.Конкобаев) жана көзөмөлдөө шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Б.Н.Кыргызалиев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

БЕКИТИЛДИ:
Кара-Көл шаардык кеңешинин
29. 03.2024-ж. XXXIV сессиясынын
№159/34-8 сандуу токтому менен

**“Кара-Көл шаарынын мэриясы тарабынан жеңилдиктер беренесинен бир жолу материалдык жардам көрсөтүү тартиби жөнүндө”**

**Жобо**

**1.Жалпы жоболор**

1.1 Кара-Көл шаарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан ардагерлерге (Улуу Ата-Мекендик Согуш, Афганистан согушу, Чернобыль АЭСнын апаатын жоюуга катышкандар, Кыргыз мамлекетинин бүтүндүгүн сактоого катышкандар – Апрель, Июнь окуялары, Баткен коогалаңы ж.б), баатыр энелерге, жетим балдарга, карыяларга, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жана муктаж аярлуу катмардагы жарандарга кошумча белгиленген социалдык жактан коргоо чараларын финансылоо Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келген, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 51-беренесине, Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексине, “Кыргыз Республикасында калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө”, “Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө” “Согуштун, Куралдуу Күчтөрдүн ардагерлери жана оруктагы эмгекчилер жөнүндө”, “Чернобыль апаатынан жабыр тарткан Кыргыз Республикасынын жарандарын социалдык коргоо жөнүндө”, “Кыргыз Республикасындагы улгайган жарандар жөнүндө”, ”2010-жылдын апрель-июнунда болуп өткөн окуялардын натыйжасында курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрүн жана жабыр тарткан адамдарды социалдык коргоо жөнүндө”, Кыргыз Республикасынын “Медицина кызматкерлеринин статусу жөнүндө”, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамдарына жана КРнын башка ченемдик укуктук актыларына таянып жергиликтүү бюджеттин эсебинен мэрия аркылуу жүргүзүлөт.

1.2 Мэриянын жеңилдиктер беренесинде материалдык жардам көрсөтүүгө каралуучу чыгымдар шаардык кеңештин депутаттары тарабынан талкууланып, Кара-Көл шаарынын жергиликтүү бюджетинде жыл сайын каралат.

1.3 Жеңилдиктер беренесинде материалдык жардамга бөлүнгөн бюджеттик каражаттар ШЭМСКБнын сунушу менен социалдык кепилдиктерди алууга укугу бар жарандарга жана аларга карата өткөрүлүүчү иш чараларга каржыланат.

1.4 Жеңилдиктер беренесинде материалдык жардамга бөлүнгөн бюджеттик каражаттар, ооруга чалдыгып, турмуштук кыйын кырдаалга кабылган жарандарга жана аз камсыз ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шаар тургундарына бир жолу материалдык жардам көрсөтүүгө пайдаланылат.

1.5 Жаш адис медиктерге, мугалимдерге жана маданият кызматкерлерине турак жайын ижаралоо үчүн материалдык жардам көрсөтүлөт.

1.6 Кара-Көл шаарынын мэриясынын жеңилдиктер беренесинде шаар тургундарына материалдык жардам көрсөтүү тартиби жана материалдык жардам көрсөтүүгө

каралган каражаттарын пайдалануунун багыттары жана көлөмдөрү ушул жобонун негизинде аныкталып жүзөгө ашырылат.

## 2. Жеке арызынын же каттын негизинде жарандарга материалдык жардам көрсөтүүнүн тартиби

2.1 Жеңилдиктер беренесинде материалдык жардамга бөлүнгөн бюджеттик каражаттар мэриянын алдындагы социалдык маселелер боюнча комиссиянын чечимине ылайык ушул Жободо каралган максаттарга пайдаланылат.

2.2 Ар бир маселе боюнча комиссия карап чечим кабыл алат. Комиссиянын чечимин тариздеп, ага комиссиянын төрагасы жана катчысы кол коюп, мөөр басылгандан кийин анын негизинде мэриянын башкы бухгалтери жардам алуучунун атына банк аркылуу тиешелүү акча каражатын жеңилдиктер беренесинен которот.

2.3 Жеңилдиктер беренесинде материалдык жардамга бөлүнгөн бюджеттик каражаттар шаар тургундарына ооруга чалдыккан маалда бир жолу материалдык жардам көрсөтүүгө төмөндөгү учурларда жол берилет:

а) ден соолугу начарлап өтө оор дартка чалдыккан, дарылануусу чет мамлекеттерде жана коңшулаш өлкөлөрдө жүргүзүлө турган аз камсыз шаар тургундарына (боор, бөйрөк алмаштыруу, рак ж.б.у.с. операцияларга) 100 000 (жүз миң) сомго чейин материалдык жардам көрсөтүүгө;

б) ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген өтө оор дартка чалдыккан, дарылануусу өзүбүздүн мамлекетте жүргүзүлө турган аз камсыз шаар тургундарына 50 000 (элүү миң) сомго чейин материалдык жардам көрсөтүүгө;

в) ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген өнөкөт оорусу бар аз камсыз шаар тургундарынын дарылануусуна 10 000 (он миң ) сомго чейин материалдык жардам көрсөтүүгө;

г) турмуштук оор кырдаалга кабылган, шаарыбыздын аз камсыз үй-бүлөлөрүнө дары-дармек алууга 5 000 (беш миң) сомго чейин материалдык жардам көрсөтүүгө.

2.5 Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандарды реабилитациялоо, кароосуз калган жарандарды жатак үйлөргө, ооруканаларга жайгаштыруу иш-чараларына ( тамак-аш, кийим кече, жол кире ж.б.) 15000 (он беш миң) сомго чейин.

2.6 Турак жайы өрткө жана табигый кырсыктарга кабылып турмуштук оор кырдаалга кабылган шаар тургундарынын үй-бүлөлөрүнө 50000(элүү миң)сомго чейин.

2.7 Арыздын негизинде бир эле адамга жыл сайын материалдык жардам көрсөтүүгө болбойт, алар эки жылда бир жолудан көп эмес алышы мүмкүн.

## 3. Материалдык жардам көрсөтүүнүн жол жоболору

3.1 Дарылоо зарылдыгына байланыштуу бир жолу материалдык жардам көрсөтүү маселесин кароо үчүн жарандардын же алардын өкүлдөрүнүн Кара-Көл шаарынын мэринин же Кара-Көл шаардык кеңештин төрагасынын атына жазуу жүзүндөгү эркин формадагы арызы негиз болот жана ага төмөнкү документтер тиркелет:

-дарылоо, дары-дармектерди сатып алуу зарылдыгы жөнүндө медициналык мекеменин маалымкаты;

-оорулууну дарылатуу керектигин көргөзгөн медициналык мекеменин маалымат каты.

3.2 Материалдык жардамга муктаж болгон жаран төмөнкү документтерди берет:

-оор турмуштук кырдаалга же өзгөчө кырдаал жөнүндө кыскача маалымат камтылган Кара-Көл шаарынын мэринин атына эркин формада арыз;
- жашаган жеринен үй-бүлөнүн курамы жөнүндө маалымкат;
- паспорттордун көчүрмөсү;
- пенсиялык күбөлүктөрдүн көчүрмөсү(эгер бар болсо);
- шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынан аз камсыз үй-бүлө катары каттоодо тургары жөнүндө маалымкат.
-турмуш-жашоо шарты боюнча акт шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы тарабынан жүргүзүлөт.
-жарандардын үйү өрттөнгөнүн тастыктаган, келтирилген чыгымдарды көрсөткөн маалым кат шаардык өзгөчө кырдаалдар бөлүмү тарабынан жүргүзүлөт.

3.3 Жаш адис медиктерге, мугалимдерге жана маданият кызматкерлерине турак-жайын ижаралоо үчүн материалдык жардам көрсөтүү үчүн, мекеме-ишканалардын жетекчилеринин каты негиз болот. Ага материалдык жардам алуучунун жана анын жубайынын наамында менчик үйү жок экендиги жөнүндө расмий тактама тиркелет.

3.4 Жарандардын арыздарын кароо жана маселелер боюнча чечим кабыл алуу боюнча Кара-Көл шаардык мэриясынын алдында түзүлгөн социалдык маселелер боюнча комиссия 14 жумуш күн ичинде арыз ээсинин катышуусунда карайт жана негиздүү жооп берет.

3.5 Материалдык жардамга бөлүнгөн бюджеттик каражаттарды төмөнкүлөргө пайдаланууга жол берилбейт:
-билим берүү мекемелеринде окуу үчүн төлөөгө;
-коммуналдык кызматтарды төлөөгө;
-үйлөрдү жана чатырларды оңдоого.

**4. Материалдык жардам көрсөтүүгө каралган каражаттар боюнча отчет түзүүнүн жана берүүнүн тартиби.**

4.1 Каражаттарды тескөөчүлөр жана каражаттарды алуучулар Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жеңилдиктер беренесиндеги акча каражаттарын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланууга жоопкерчилик тартат.

4.2 Жеңилдиктер беренесиндеги акча каражаттарын эсепке алуу башкы тескөөчүнүн жана алуучунун өзүнчө казыналык эсеп-счетторуна (бюджеттик каражаттар боюнча негизги сметадан өзүнчө) жүргүзүлөт.

4.3 Мэриянын башкы бухгалтери Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине, Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдардын талаптарына ылайык отчетту түзөт жана шаардык каржы башкармалыгына тапшырат.

**Жооптуу катчы** **К.И.Нурматова**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**29.03.2024-ж. №160/34-8** **Кара-Көл шаары**

**“Шаардык бюджеттин 2023-жылдын жыйынтыгы менен бош калган, үнөм каражаттарды каржылоо жөнүндө”**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-бөлүкчөсүнө ылайык Кара-Көл шаардык бюджеттин 2023-жылдын жыйынтыгы менен бош калган, үнөм каражаттарын каржылоо жөнүндө шаардык кеңештин 14.04.23-ж. №129/27-8, “Кара-Көл шаарынын 2023-жылга шаардык бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө” 14.04.23-ж. №130/27-8 сандуу токтомдорун аткарууда 2023-жылдын жыйынтыгы менен шаардык бюджетте бош калган, үнөм каражаттарды каржылоо жөнүндө Кара-Көл шаарынын мэри Т.Т.Конкобаевдин шаардык кеңешке жолдогон 07.03.24-ж. №01-20/1292 чыгыш сандуу катынын негизинде Т.Т.Конкобаевдин билдирүүсүн, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Б.Н.Кыргызалиевдин кошумча маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, депутаттардын Кара-Көл шаардык кеңешинин 8-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз XXXIV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1**.Кара-Көл шаардык кеңештин 2023-жыл ичинде тиешелүү токтомдорун аткаруунун жыйынтыгы менен шаардык бюджетте бош калган, үнөм каражаттарды каржылоо жөнүндө Кара-Көл шаарынын мэри Т.Т.Конкобаевдин билдирүүсү, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Б.Н.Кыргызалиевдин кошумча маалыматы эске алынсын.

**2**. Шаардык бюджетте 2023-жылдын жыйынтыгы менен (**3 196,3 миң сомдук** атайын каражатты эске албаганда) пайда болгон **76 767,6 миң сомдук** бош калган, үнөм каражаттын эсебинен шаардык бюджеттен каржылануучу бюджеттик мекемелердин 2023-жылдын 1-январына пайда болгон **12 790,7 миң сомдук** кредитордук карыздарды жана **63 976,9 миң сомдук** бош калган, үнөм каражаттарды Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 44-беренесинин 4-пунктунун талабынын негизинде 1,2,3 тиркемелерге ылайык мыйзам чегинде каржылануусу бекитилсин жана аталган каражаттар шаардык 2024-жылдын бюджетинде эске алынып, шаардык бюджеттен каржылануучу бюджеттик мекемелердин бюджетине тиешелүү тактоо (“уточнение”) бюджеттик комиссиянын макулдугу менен киргизилсин.

**3**.Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 103-беренесинин 1,3-пунктунун талабынын негизинде шаардык мэрияга (Т.Т.Конкобаев), Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл башкармалыгына (Осмонкулов Ж.Т.), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Б.Н.Кыргызалиев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**29.03.2024-ж. №161/34-8** **Кара-Көл шаары**

**“Кара-Көл шаарынын 2024-жылга шаардык бюджети жана 2025-2026-жылдарга болжолу жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, “Бюджеттик кодекси”, “Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” мыйзамдарынын тиешелүү беренелеринин талаптарына ылайык “Кара-Көл шаарынын 2024-жылга шаардык бюджети жана 2025-2026-жылдарга болжолу жөнүндө” шаардын мэри Т.Т.Конкобаевдин, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгынын начальниги Ж.Т.Осмонкуловдун жана шаардык кеңештин бюджеттик комиссиясынын төрагасы Б.Н.Кыргызалиевдин билдирүү-маалыматтарын угуп, талкуулап чыгып, депутаттардын Кара-Көл шаардык кеңешинин 8-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз XXXIV сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. “Кара-Көл шаарынын 2024-жылга бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрү Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 15.12.2023-ж. №14-2/15797 сандуу катынын негизинде Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинде бекитилген **180 040,1 миң сомдук** сумма **балансташтырылып** №№1,2,3,4,5-тиркемелерге ылайык бекитилсин.

2. Кара-Көл шаарынын 2025-2026-жылдарга шаардык бюджеттин негизги параметрлери №1-тиркемеге ылайык жактырылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 79,103-беренелеринин талаптарынын негизинде шаардык бюджетти камсыз кылуу кызыкчылыгын коргоо, **балансташтыруу максатында** шаардык бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн аткарылбагандыгы үчүн жоопкерчилик шаардык мэрияга (Конкобаев Т.Т.), мамлекеттик салык кызматынын Кара-Көл боюнча башкармалыгына (Жумашев У.А.), ШММБ (Курамаев М.С.), Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгы (Осмонкулов Ж.Т.) жүктөлөөрү белгиленсин.

4. Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгы (Осмонкулов Ж.Т.) мамлекеттик салык кызматынын Кара-Көл боюнча башкармалыгы (Жумашев У.А.) менен биргеликте салыктардын салыктык базаларынын аздыгынан түшүү, жоготууга учуроо жагдай пайда болсо *(“выпадение, потерь доходов в бюджете”)* эсеп-кысап анализдерин Кыргыз Республикасынын финансы министрлиги менен шаардык бюджеттин киреше бөлүгүнүн планына тактоо *(“уточнение”)* киргизүү боюнча иш алып баруусу жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-бер. 4-п., 103-бер. 3-п. талабынын негизинде бул маселени чечүүдөн келип чыккан өзгөртүүлөр боюнча шаардык бюджеттин киреше, чыгаша бөлүктөрүнө тактоо *(“уточнение”)* киргизүүнү бюджеттик комиссиянын макулдугу менен сунушталсын.

**5. Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгына (Осмонкулов Ж.Т.):**

5.1. “Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” мыйзамынын 6-беренесинин 4-пунктунун талабына ылайык шаардык бюджеттин 2024-жылга каралган чыгымдарды каржылоону биринчи кезекте корголгон беренелер (эмгек акы, соц.фондго чегерүү, тамак аш, жеңилдиктер) жана коммуналдык кызмат боюнча жүзөгө ашырылуусу, ал эми калган чыгымдарды приоритеттүүлүгүнө жараша “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин” 107,113-беренелеринин талабынын негизинде бюджеттик жыл ичинде бюджеттин иш жүзүндө аткарылышын талдоонун жана бюджеттик жылдын аягына чейин кирешелердин аткарылышынын күтүлүүчү баалоосунун негизинде **шаардык бюджеттин баланстaшканын** эске алуу менен жүргүзүүсү сунушталсын.

5.2. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 109-бер. 1,2,3-п.п. талабына ылайык жыл ичинде оперативдүү чечилүүчү маселелер боюнча бюджеттик мекемелердин беренелериндеги каражаттарды (корголгон беренелерден жана коммуналдык чыгымдардан сырткары) алардын өтүнүчтөрүнүн негизинде экономикалык классификациясынын беренелеринин ортосунда жалпы бюджеттик каражаттардын ассигнованиелеринин чектеринде каражаттарды кайра бөлүштүрүүгө **бюджеттин баланстaшканын эске алып каржылоо**, алардын бюджетине тактоо киргизүү сунушталсын, анын ичинде:

- Каржылык жылдын ичинде кайра бөлүштүрүлгөн каражаттардын жалпы көлөмү бюджеттик мекемелердин жылдык бюджеттик каражаттарынын жыйынды көлөмүнүн өлчөмүнөн **5 (беш) пайызынан** ашпоого тийиш экендиги белгиленсин.
- Бюджеттик мекемелердин сунуштарына ылайык каржылык жылдын ичинде беренеден беренеге жана бөлүмдөн бөлүмгө жылдыруу жолу менен каржылоо бюджеттик комиссиянын чечиминин негизинде ишке ашырылсын.
- Шаардык бюджетти аткаруу процессинде шаардык мэрия шаардык мэриянын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасында же **“Өнүгүү бюджетине”** бекитилген каражаттарды кайра бөлүштүрүүгө укуксуз экендиги белгиленсин.

5.3. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 51-беренесинин талабына ылайык республикалык бюджеттен каржылануучу бюджеттик мекемелерге (шаардык мэриянын муниципалдык менчигинде турган объектилерди эске албаганда) шаардык бюджеттен каражат бөлүүгө жана каржылоого жол бербөө сунушталсын.

5.4. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 44-бер. 4-п. талабына ылайык пландан ашыкча жыйналган кирешелердин көлөмү жылдын жыйынтыгы менен гана аныкталуусу белгиленип, айдын, кварталдын жыйынтыгы менен пландан ашыкча жыйналган каражаттарды кийинки айдын, кварталдын пландуу чыгымдарына каржылоо сунушталсын.

6. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 110-беренесинин талабына ылайык 2024-жылдын 1-январына шаардык бюджет боюнча жүгүртүлүүчү кассалык накталай акча **150,0 миң сом** суммасында белгиленсин.

7. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 24-беренесинин талабына ылайык жалпы шаардык бюджеттин чыгымдарынын *(атайын каражатсыз)* **169 022,1 миң сомдук** көлөмүнүн **1,2** (бир бүтүн ондон эки) пайызы, же **2000,0 миң сом** өлчөмүндө шаардык мэриянын резервдик фонду болуп бекитилсин жана аталган каражат жалпы шаардык бюджеттин пландуу чыгымынын көлөмүнө жараша “Шаардык мэриянын резервдик фонду жөнүндө” Жобонун негизинде шаардык мэриянын тиешелүү буйруктарына ылайык каржылануусу белгиленсин.

8. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 131-бер. 3-п. талабына ылайык бирдиктүү казыналык эсептен тышкары мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн кирешелерди түзүүнүн жана пайдалануунун фактылары табылган

учурда көрсөтүлгөн кирешелердин суммасы шаардык бюджеттин кирешесине кошуп эсептөөгө жатаары белгиленсин.

9. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 130-бер. 2-п. талабына ылайык бюджеттик мекемелердин жетекчилери Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарынын талаптарын сактоону камсыз кылуу үчүн жоопкерчилик алышаары жана бюджеттик мекемелердин бюджеттик каражаттарды сарптоо үчүн жоопкерчиликтүү болгон кызмат адамдары каржылык тартипти бузган жана кызматтык милдеттерин аткарбаган учурда, анын ичинде бюджеттик каражаттарды максаттуу, мыйзамдуу сарпталышына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчилик тартышаары белгиленсин.

10. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 130-бер. 1-п. талабына ылайык шаардык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн **бюджеттин балансташканын эске алуу менен** каржыланышы жана аткарылышы Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгынын (Осмонкулов Ж.Т.) жоопкерчилигинде экендиги белгиленсин.

11. Кыргыз Республикасынын "Жарандык коргонуу жөнүндө" Мыйзамдын 2-бөлүм 10-беренесинин, "Калкты жана аймакты табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан коргоо жөнүндө" Мыйзамдын 13-беренесинин, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамдын 27-бер. 1-п. 21)-п.п. талабынын негизинде өзгөчө кырдаал учурунда алардын кесепеттерин жоюуу максатында ШММБнын "Транспорттук кызмат көрсөтүү" беренесинде **200,0 миң сом "кол тийбес запас"** катары кармалуусу жана аталган каражатты өзгөчө кырдаалдар учурунда атайын түзүлгөн комиссиянын корутунду-чечиминин негизинде мэриянын буйругуна ылайык каржылоо сунушталсын.

12. "Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Мыйзамдын 17-беренесинин талабына ылайык ушул жылы кабыл алынган ченемдик укуктук актылар боюнча кошумча финансы ресурстарын талап кылынган чыгымдар "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин" 4-бер. 2-п. талабынын негизинде кийинки жылдык бюджетте бюджеттин акыбалына жараша каралаары белгиленсин.

13. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин талаптарынын негизинде ушул токтомго бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси - 1-ноябрына чейин экендиги белгиленсин.

14. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 79-бер. 3-подпунктунун талабына ылайык Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгы (Осмонкулов Ж.Т.), мамлекеттик салык кызматынын Кара-Көл боюнча башкармалыгы (Жумашев У.А.), ШММБгы (Курамаев М.С.) тарабынан даярдалган шаардык бюджеттин аткарылышы боюнча алты, тогуз айлык жана жылдык отчетторду шаардык мэрия (Конкобаев Т.Т.) шаардык кеңешке өз убагында тапшыруусу сунушталсын.

15. Бул токтомдун аткарылышы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 103-бер. 1,2,3-п.п. талаптарынын негизинде шаардык мэрияга (Конкобаев Т.Т.), Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгына (Осмонкулов Ж.Т.) жана мамлекеттик салык кызматынын Кара-Көл боюнча башкармалыгына (Жумашев Т.Т.), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин бюджеттик комиссиясына (Б.Н.Кыргызалиев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**29.03 2024-ж. № 162/ 34-8** **Кара-Көл шаары**

**« Кара-Көл шаардык кеңешинин 30.03.2023-жылдагы № 122/26-8 сандуу “Кара-Көл шаарынын муниципалдык менчигинде турган объектилерди 2023-2025-ж.ж. менчиктештирүү программасы жөнүндө» токтомунун 1-тиркемесине толуктоо киргизүү жөнүндө”**

Кара-Көл шаарынын мэринин орун басары Г.О.Сатарованын Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын менчигиндеги Серый көчөсүнүн № 16 үйүнүн №15 батирин менчиктештирүү программасына киргизип берүү жана Кара-Көл шаарынын тургуну, Афганистан согушунун ардагери Макешов Кадырбек Бакировичтин жеке менчигине акысыз өткөрүп берүү жөнүндө сунушун жана Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Афганистан согушунун ардагери К.Б.Макешов Серый көчөсүнүн №16 үйүнүн №15 батиринде көп жылдан бери жашап жатканын эске алып, Турак жай кодексинин 58-60-беренесине, “Согуштун, Куралдуу Күчтөрдүн ардагерлери жана оруктагы эмгекчилер жөнүндө” 08.05.1996-жылдагы Кыргыз Республикасынын № 14 Мыйзамынын 14-беренесинин 11-12-бөлүктөрүнө таянып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 8-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз XXXIV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Көл шаардык кеңешинин 30.03.2023-жылдагы № 122/26-8 сандуу “ Кара-Көл шаарынын муниципалдык менчигинде турган объектилерди 2023-2025-ж.ж. менчиктештирүү программасы жөнүндө” токтомунун 1-тиркемесиндеги 2023-2025-ж.ж. менчиктештирүү программасына киргизиле турган батирлердин тизмесине 92 -катар номер менен Серый көчөсүнүн № 16 үйүнүн №15 батирин киргизүүгө макулдук берилсин.
2. Бул токтомдун аткарылышына камсыз кылуу Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгына ( М.С.Курамаев), көзөмөлдөө өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына ( И.Р.Касымов) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**